*Насиров Т.*

# УКУК МИЛДЕТТЕРИ

*Насиров Т.*

# ФУНКЦИИ ПРАВА

*T. Nasyrov*

# LAW FUNCTIONS

*УДК: 340.11*

*Макалада укуктун функцияларынын түшүнүгү жана түрлөрү, алардын коомдук турмуштагы ролу каралган. Не дегенде, укуктун функциялары ар түрдүү тегиздиктерде каралышы мүмкүн. Укук мамлекет менен тыгыз байланышта турат, анткени анын функциялары мамлекеттик бийликтин көптөгөн функциялары менен дал келет. Мыйзам чыгара турган актылардын негизинде мамлекеттин иштеринин бардык негизги багыттары укуктук формада иш жүзүнө ашырылат, алар бул иштердин мазмунун жана мүнөздөрүн аныкташат. Бир жагынан укуктун экономикалык, социалдык, экологиялык ж.б функцияларын бөлүп кароого болот, себеби алар мамлекеттин окшош (идентичный) функцияларына ылайык. Экинчи жагынан мамлекеттик бийликти субъектилери боюнча укуктун мыйзам чыгаруу, аткаруу жана соттук функцияларына ажыратуу мүмкүн. Ошондуктан макалада укук бир катар функцияларды ишке ашыраары, коомдук мамилелерге юридикалык түрдүүчө каражаттардын жардамында ар кыл багытта таасир тийгизери, ошону менен бирге өзүнүн түпкү милдетин аткара тургандыгы айтылган.*

***Негизги сөздөр:*** *укук, атайын-юридикалык функция, саясий функция, коомдук мамилелер, санкция, дисциплина.*

*В статье говорится о понятии функции права, ее формах и роли в общественной жизни, либо функции права могут рассматриваться в разных аспектах. Право тесно связано с государством, так как его функции во многом совпадают с функциями государства. Все направления государственной работы выполняются на основе законодательных актов, в правовой форме, они определяют сущность и характер выполняемых работ. Все направления государственной работы выполняются на основе законодательных актов в правовой форме, они определяют сущность и характер выполняемых работ. С другой стороны в зависимости от субъектов государственной власти выделяют законодательную, исполнительную и судебную функции права отсюда в статье говорится о различных функциях права, о его влиянии посредством разных юридических средств на общественные отношения, а также выполнении его сущностей задачи.*

***Ключевые слова:*** *право, специально-юридическая функция, политическая, функция, общественные отношения, санкция, дисциплина.*

*The article provides for the concept and types of functions of law, their role in public life. In any case, the functions of law can be provided on different planes. Law is closely related to the state, as its functions coincide with many functions of state power. Because of legislative acts will be implemented all the main activities of the state in the legal form, which determine the content and nature of this activity. Rights, on the one hand, economic, social, environmental, etc.can be identified functions b, as they correspond to the identical functions of the state. On the other hand, it is possible to divide the right into legislative, Executive and judicial functions by subjects of state power. Therefore, the article States that the law carries out a number of functions, has a diverse impact on social relations by means of legal means, thereby fulfilling its final functions.*

***Key words:*** *law, special-legal function, political, function, public relations, sanction, discipline.*

Укук социалдык институт катары мамлекеттик аппарат, мораль жана социалдык башка жөнгө салуучулар менен катар аракеттенет. Укуктун мазмуну, анын коомдук турмуштагы ролу көп учурда алардын коомдук мамилелерге таасир этүү процессиндеги аткарган функциялары аркылуу аныкталат, б.а. коомдун турмушунда укуктун активдүү ролу анын функцияларында көрүнөт.

Элдердин жүрүш-турушуна жана коомдук мамилелерине болгон таасирлеринин негизги багыттары-бул укуктун функциялары деп аталат.

Укуктун функциялары ар түрдүү тегиздиктерде каралышы мүмкүн. Укук мамлекет менен тыгыз байланышта турат, анткени анын функциялары мамлекеттик бийликтин көптөгөн функциялары менен дал келет. Мыйзам чыгара турган актылардын негизинде мамлекеттин иштеринин бардык негизги багыттары укуктук формада иш жүзүнө ашырылат, алар бул иштердин мазмунун жана мүнөздөрүн аныкташат. Бир жагынан укуктун экономикалык, социалдык, экологиялык ж.б функцияларын бөлүп кароого болот, себеби алар мамлекеттин окшош (идентичный) функцияларына ылайык. Экинчи жагынан мамлекеттик

бийликти субъектилери боюнча укуктун мыйзам чыгаруу, аткаруу жана соттук функцияларына ажыратуу мүмкүн.

Укуктун функциялары ар кандай негизги маселелерди чечкендигине жараша, алар түрлөргө бөлүнүшөт. Ушул эле классификацияда укуктук таасир этүүнүн ушундай багыттары бөлүнүп чыгышат, алар коомдук мамилелердин регулятору катарында бул мамилелер үчүн укуктун өзгөчө касиетин, анын юридикалык маанисин билдирет.

Демек, укуктун функциялары эки алкакта: атайын-юридикалык (тар) жана жалпы социалдык (кең) чөйрөдө каралат.

Укуктун кеңири маанидеги функциялары төмөндөгүдөй болуп бөлүнөт:

а) **экономикалык -** укук экономикалык чөйрөдө «оюндун эрежесин» түзүү менен, өндүрүштүк мамилелерди тартипке келтирет, менчиктин формаларын бекитет, коомдук байлыкты бөлүштүрүү механизмин аныктайт ж.б.

б) **саясий -** укук өз нормаларында коомдун саясий түзүлүшүн, мамлекеттин иштөө механизмин аныктайт, саясий мамилелерди регламенттештирет, саясий системанын субөектилеринин ишмердигин жөнгө салат ж.б.

в) **тарбиялык -** укук белгилүү бир идеологияны көрсөтүп, адамдарга педагогикалык өзгөчө таасир тийгизет, субъектилерде укук ченемдүү жүрүм-турум жүйөөлөрүн калыптандырат.

г) **коммуникациялык (байланыштык) -** укук, маалымат тутуму катарында, башкаруу субөектиси менен обөектисинин ортосундагы байланышуу каражаты, мыйзам чыгаруучу менен коомдун ортосундагы, укуктук көрсөтмөлөрдү жаратуучу менен физикалык же юридикалык жактардын ортосундагы спецификалык «ортомчу» катары чыгат.

Атайын юридикалык деңгээлде укук (коомдук мамилелердин өнүгүүсүн) жөнгө салуучу (регулятивдик) жана коргоочу функцияларды аткарат.

Кандай гана цивилизациялуу өлкөлөрдө болбосун укук системаларынын эң маанилүү милдеттери-коомдук мамилелерди иретке салуу, аларды социалдык эркиндиктин жана адилеттүүлүктүн рамкасына киргизүү болуп саналат. Бул маселелерди укук регулятивдик функциялардын жардамы аркылуу чечет. Тартип бузуучулар тарабынан кол салып зыян келтирүүлөрдүн ар түрүнөн коомдук мамилелерди жөнгө салып коргоо укуктун экинчи бир маанилүү милдети болот. Бул милдеттер укуктун коргоо функцияларынын жардамы менен ишке ашырылат.

Укуктун регулятивдик жана коргоо функцияларынын кыскача мазмунун карап көрөлү:

**а) Регулятивдик функция деп –** бул коомдук мамилелерди так уюштурууну, коомдук мыктыланып өөрчүүнүн талаптарына ылайык алардын аракет кылуусун жана өнүгүүсүн камсыздоого арналган укуктук таасир кылуу багыты айтылат. Укуктун регулятивдик таасир кылуусу мүлктүк, финансылык, үй-бүлөлүк ж.б. мамилелер чөйрөсүндө пайда болуучу коомдук турмуштун түзүк кубулуштары менен байланыштуу.

Укуктун регулятивдик функциясы коомдук мамилелерде төмөнкү түрлөрдө таасир кылат: биринчиден, нормативдик-укуктук актыларда бул мамилелер бекитүү жолу менен болот. Укуктук нормалар баягы мамилелерге милдеттүү юридикалык формаларды берет, анткени ал коомдун нормалдуу аракет кылуусунун негизин түзөт. Ошондуктан билим берүү тартиби, мамлекеттик органдардын компетенциялары, жарандардын(граждандардын) укуктары, эркиндиги жана милдеттери укуктук нормаларда бекитүүнү алышат;

2-чиден, укук коомдук мамилелердин эркиндигинин жана уюшкандыгынын жогорку деңгээлин, алардын туруктуу мыктыланышын жана өнүгүүсүн камсыз кылат. Укуктун так ушундай таасир кылуусу экономикалык, социалдык курулушта, ж.б. чөйрөлөрдө коомдук мамилелерди уюштурууну тикеден- тике жөнгө салууда билинет. Өлкөнүн бардык элдеринин кызыкчылыктарына жооп берүүчү коомдук мамилелердин абдан оптималдуу тартиби укуктук жөнгө салуунун натыйжасында орнотулат. Укукта өзгөртүү жана колдонулуп жаткан мамилелерди өркүндөтүү, аны менен бирге жаңы коомдук мамилелерди турмушка чакыруу мүмкүнчүлүгү салынган, аларда керектөө коомдук өнүгүүнүн ар бир айкын (конкреттүү) этаптарында (Мис: Тоталитардыктан демократиялык укуктук мамлекетке өтүү мезгилинде менчиктин ар түрдүү формасын мыйзам чыгаруу актыларында бекитүү) келип чыгат.

**б) Коргоо функциясы -** бул укуктук таасир кылуунун коомдук мамилелер үчүн зыяндууларды сүрүп чыгарууга жана жакшыларды сактоого максат кылынган багыты болот. Коргоо функциясы укукка каршы жүрүш-турушту тыюуга жана алдын алып сактап калууга багытталган.

Укуктун коргоочу таасир кылуусу төмөндөгүлдөрдөн көрүнөт:

1) укукка каршы аракеттерди жасоого тыюу салууну аныктоодо;

2) аталган аракеттерди жасагандыгы үчүн юридикалык санкцияларды орнотууда;

3) тартип бузуучу кишилерге юридикалык санкцияларды түздөн-түз колдонууда.

Коомдук мамилелерге укуктук таасир кылуунун негизги багыттары ушундай, аларда укуктун кызматтык ролу жана анын социалдык милдеттери көрүнөт.

Жөнгө салуу жана коргоо функциялары өз ара тыгыз аракеттенишип, бири-бирин толуктап турат-социалдык байланыштарды бир нукка салууда алардын ар бири өз салымдарын кошушат.

**Жогоруда айтылгандардан төмөндөгүдөй схеманы түзүүгө болот:**




Укук коомдо бүт бойдон кандай функцияларды аткарган болсо, азыркы кездеги мамлекеттин куралдуу күчтөрүндө да ошондой эле функцияларды аткарат. Бирок аскердик уюмдарда пайда болуучу коомдук мамилелерге укуктун таасир кылуусунун бир катар өзгөчөлүктөрү бар. Бул өзгөчөлүктөр, алардын алдында туруучу максаттардын жана милдеттердин башкалардан айырмалуулугу аркылуу куралдуу күчтөрдүн түзүлүшүнүн бөтөнчөлүгү менен шартталган.

1-чиден, укуктук нормалар аскердик кызматтар боюнча согуштук кызматчылардын жүрүш- турушуна күчөтүлгөн талаптарды коңт. Так ушундай абал куралдуу күчтөрдүн иштеринин өзгөчө сапаты менен аныкталат, анткени куралдуу кармашууларда кыйындыкты жана дайыма өзгөрүп турууучулукту жашоо үчүн өздүк курамдан жогорку деңгээлдеги уюмдашкандыкты жана тартипти (дисциплинаны) талап кылат;

2-чиден, укук нормалары аскердик кызматчылардын иштерин жана турмуштарынын ар түрдүү жактарын майда-чүйдөсүнө чейин толугураак белгилүү эрежелерге багындырып тартипке салат. Укуктук нормалар коомдук турмуштун эч кайсы областында элдердин бирге аракеттешүүлөрүн так ушундай толук түрдө аскердик уюмдардагыдай жөнгө салбайт.

3-чүдөн, аскердик кызматтарды аткаруу тартибин бузгандыгы үчүн укук согуштук кызматкерлерге күчөтүлгөн жоопкерчиликти орнотот. Чындыгында жарандык турмушта укукка каршы деп эсептелбеген (мис: аскердик сылыктык эрежесин бузуу) жагымсыз кылыктар үчүн куралдуу күчтөрдө юридикалык жоопкерчилик каралат.

Кызмат кишисине кордук көрсөтүү, моюн сунбоо, буйрукту аткарбай коюу, ж.б. ушуларга окшогон укук бузуулар үчүн жарандык кишиге караганда аскердик кызматкерлерге юридикалык жоопкерчиликтин катуураак чарасы колдонулат. Акырында аскердик кызматкерлер кызматтарын аткаруу учурунда бөлүктү өз алдынча калтыруу, дезертирдик, коркоктук кылып колго түшүп берүү сыяктуу бузууларды жасашкан болсо, алар юридикалык жоопкерчиликке кириптир болушат.

Дегеле, укук адамдардын жашоосунан айрым индивиддердин, алардын топторунун, мамлекеттин өз жарандарына болгон зомбулугун, өз башымчалыгын, көзөмөлсүздүгүн четке сүрүп чыгарууга багытталган. Бүгүнкү күндөгү кырдаалда кишилер бийликтин, корпоративдик түзүлүштөрдүн ээнбаштыгынан, кылмыштуулук көйгөйүнөн ишенимдүү кепилдикти дал ушул укуктан күтүшүүдө.

Демек, укук бир катар функцияларды ишке ашырат, коомдук мамилелерге юридикалык түрдүүчө каражаттардын жардамында ар кыл багытта таасир тийгизет, ошону менен бирге өзүнүн түпкү милдетин аткарат.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. - Бишкек, 1993, 2010, 2016.
2. Алексеев С.С.  Восхождение к праву. Поиски и решения. - М., 2001.
3. Коваленко А.И. Теория государства и права. Вопросы и ответы. - М.,2007.
4. Лазарев В.В. Общая теория права и государства. - М., 2007.
5. Пахоленко Н.Б. От тоталитаризма к демократии: о функциях государства в переходный период. Политические проблемы теории государства. - М., 1993.
6. Радько Т.Н., Толстик В.А. Функции права. - Н.Новгород, 1995.
7. Хропанюк В.Н. Теория государства и права. - М., 2000.


**Рецензент: к.ю.н., доцент Маматазизова Э.К.**